
# Булуттардын түрү бар



Автор: Бакытжан Мырзатаева
Сүрөтчү: Светлана Насынбатова

# Булуттардын түрү бар

Автор: Бакытжан Мырзатаева
Сүрөтчү: Светлана Насынбатова

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган”

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Булуттардын түрү бар" (кыргыз тилинде), автор Бакытжан Мырзатаева, сүрөтчү Светлана Насынбатова

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Чачы тармал гүл, жибек,
Чаалыккандай үргүлөп,
Ак булуттар каалгыйт,
Ак көйнөгү үлбүрөп.


Жаккандыктан Гүлбүгө
Чуркап келди сүрдүгө:
– Жаркын, Аман, кармайлы,
Жакын турат, жүргүлө!



– Койгун, алар алыста,
Колуӊ жетпейт алыска.
Жел жөнөсө кубалап,
Жетпейт эч ким жарышса.

Булуттардын түрү бар,
Буулукканда үнү бар.
Күркүрөтсө добушун
**Сур булуттун** сүрү бар.


Белги кылып жаарды,
Сурданганда каардуу.
Чагылгандуу жыл жакшы
Баары сүйөт баарды.




Карайганы башкача,
**Кара булут** каптаса.
Жамгыр төгөт нөшөрлөп
(Шөмтүрөтүп суу кылат)
Жашынбаса, качпаса.

Коргошундай түстөнөт,
Коюуланып күчтөнөт.
Тоолор булут чүмкөнөт.
Күн кабагы бүркөлөт.

Кээде жамгыр жайлаган,
Албууттанат кайрадан.
Кээде түшүп өзөнгө,
Суу ичишет дайрадан.





**Кызыл булут** кылкылдап,
Кызарса эгер бүткүл жак.
Жанып-өчүп чагылган,
Жарк-журк этет учкундап.

Кээ булуттар кыркылган,
Көл үстүндө кылкылдап,
Күмүш парда четинен
Күн нурлары жылтылдап.




Бозомук, куу асманда,
**Жука булут** басканда.
Байка, шамал болот деп,
Байыркылар айткан да.

“Күндү бузган куу булут,
Элди бузган бир чуут”
Деген макал калыптыр.
Шамал жүрүп, күн сууп.

Жайындагы **топ булут,**
Шамал айдайт топ кылып,
Жел токтосо жамгырдан
Жебе жасайт шок булут.


Өткүн делет бул жаан,
Көпкө төгүп турбаган.
Салааланып сай бойлоп
Суулар агат жылгадан.



Суук шамал жетелеп,
Булут келсе энтелеп.
**Кара кочкул** булуттан
Кар же күн жаайт эртелеп.


Калдалактап каргалар
"Кар жаасын!" деп жар салар.
Кыламыктап, учкундап,
Кыш келери байкалар.





Чексиз көктүн бетинен,
Чекит сымал четинен
Чынжыр сымал чубалып,
Чымчык учту экиден.

Чыгып жолго алыстан
Чыгыш менен батыштан,
Чогулушуп булуттар
Жамгыр төктү капыстан.



Чачын суулап жаанга,
Турду Гүлбү саамга.
Асман бетин карады
Алып баарын баамга.

Күн көрүнбөй бекинген,
Асман түбү тешилген.
Чыйрыгасың нөшөрдө,
Чыгарбагын эсиңден!

Кыздарга кол булгады,
Гүлбү да үйгө чуркады.
Терезеден телмирип,
Тамчыларды тыңшады.




Жамгыр тынбай бийледи.

– Ичикий, суук, ий! – деди.

Байкап турган апасы:

– Башка көйнөк кий! – деди.



АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Бакытжан Мырзатаева
Сүрөтчү: Светлана Насынбатова

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- **3.1 деңгээли**
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли